**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн А.С. Джаманбаев атындагы Жаратылыш байлыктары институтунун (КР УИА ТБ ЖБИ) Окумуштуулар кеңешинин отурумунун**

**№ 6 ПРОТОКОЛУ**

Ош шаары 2024-жылдын 25-июну

**Төрага:** КРнын УИАнын мүчө-корр., т.и.д., проф. Абидов А.О. – ЖБИнин директору.

**Катчы:** Абдуллаева М.П. – ЖБИнин окумуштуу катчысы.

**Катышты:** т.и.д., профессор Абдуллаева М.Д. – "ЭТЭБ" лаб-н башчысы;
т.и.к., доцент Калдыбаев Н.А. – «ЖТТС» лаб-н башчысы;
т.и.к., у.и.к. Шайдуллаев Р.Б. – «КГ» лаб-н башчысы;
Сабиров Б.З. – "ОБККИЧ" лаб-н башчысы;
Токтоназаров С.Т. – «Технолог» ИӨБ башчысы;
т.и.к., доцент Садыков Э. – "КТжМ" лаб-н башчысы;
т.и.к., у.и.к. Абдалиев У.К. – "КТжМ" лаб-н башчысы;
т.и.к., доцент Саткулов Т.Т. – "ЭТЭБ" лаб-н у.и.к.;
т.и.к., доцент Цой А.В. – "ОБККИЧ" лаб-н у.и.к.

**Баары:** 11 кызматкер

**Күн тартибинде:**

**1.** 2024-жылдын I жарым жылдыгына ЖБИнин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн илимий-уюштуруу иштеринин пландарынын аткарылышы жөнүндө.
**2.** «Борбордук Азия өлкөлөрүндө энергиянын кайра жаралуучу булактарын өнүктүрүүнүн учурдагы абалы жана перспективалары» деген темада тегерек стол уюштуруу жөнүндө.
**3.** Институттун аспиранттарынын жана изденүүчүлөрүнүн илимий жетекчилеринин 2024-жылдын II кварталындагы ИИИнин жыйынтыктары жөнүндө отчетторун угуу.
**4.** ИИИнин абалы, гранттарга долбоорлорду даярдоо ж.б. (Билим берүү жана илим министрлиги үчүн).
**5.** Ар кандай маселелер:
а) Мамлекеттик аттестацияга даярдануу жана өткөрүү.
б) Контракттык негизде аспиранттарды, изденүүчүлөрдү жана докторанттарды кабыл алуу.

Отурумду Окумуштуулар кеңешинин төрагасы КР УИАнын мүчө-корр. т.и.д., профессор А.О. Абидов алып барды. Күн тартиби тааныштырылып, колго салынды. Бир добуштан колдоого алынды.

Биринчи маселе, ЖБИнин структуралык түзүмдөрүндө 2024-жылдын I жарым жылдыгына пландалган ИИИнин аткарылышы жөнүндө. Сөз Институттун окумуштуу катчысы М.П. Абдуллаевага берилди.

**УГУЛДУ:** институттун окумуштуу катчысы Абдуллаева М.П.: